**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин**

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинде өткөрүлгөн педагогикалык кенешменин**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**28.08.2025**

**Катышкандар:**

Директор – Б.Осмонова, окуу иштери боюнча директордун орун басары-Турдубек кызы М. Окутуучулар- Усеналиева Г.С., Эшенкулова А.К., Болотбек уулу А., Акжол кызы Ж., Төрөбек уулу Ш., Жыргалбекова К.
Катчы – Салыкова Ж.М..

**Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:**

1.Кабыл алуу комиссиясынын отчету. Студенттерди группаларга бөлүштүрүп, куратор дайындоо

2. 2025-2026-окуу жылына методикалык кеңешин түзүү жана курамын бекитүү, цикл башчыларын бекитүү. Окуу процессин жөнгө салуу боюнча иш алып баруу үчүн комиссиянын курамын бекитүү.

3.2025-2026-окуу жылы үчүн окуу процессине тиешелүү иш пландарын (Жумушчу программалар, окутуучунун жекече иш планы, календардык-тематикалык план) кароо жана бекитүү

4. 2025-2026-окуу жылына карата окуу пландарына өзгөрүүлөр боюнча

5. 2025-2026-окуу жылында 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплексттерде тейлөөнү уюштуруу багытынын “Менеджер” адистигин аккредитацияга даярдоо максатында жумушчу топтун курамын бекитүү

6. Колледждин жалпы жобосун бекитүү

6.1. СМК Студенттердин билимин баалоо, аралык аттестациялоо жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобосун бекитүү

6.2. СМК студенттерди жумуш ордунда окутуу жобосун бекитүү

6.3. СМК Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин сапат боюнча жетекчилик жөнүндө жобосун бекитүү

6.4. СМК Окуу-методикалык кеңеши жөнүндө

7.Башка маселелер

**Угулду:** Колледждин директору Б.Осмонова - 2025-26-окуу жылынын башталышы менен коллективди куттуктоо сөзү менен баштады. 2025-26-окуу жылынын окуу жүгүртмөсүн, ОМКин жана башка иш кагаздарын бекитүү ошондой эле e-bilim ге киргизүү иштери боюнча окутуучуларга маалымат берип, көзөмөлдөө ишин директордун окуу иштери

боюнча орун басары М.Турдубек кызына тапшырды. Окуу жылдын башталышын жакшы баштайлы деген оюн билдирип жалпы окутуучуларга ийгиликтерди каалады.

1.Колледждин тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Эшенкулова 2025-26-окуу жылындагы студенттерди кабыл алуу комиссиясынын отчету менен тааныштырып колледжге жалпы 2025-2026-окуу жылына карата баардыгы 74 студент колледжге тапшырганын айтты. ПКС адистигине 9-класстын базасы менен 42 студент, 11-класстын базасы менен 8студент, 2 студент башка колледжден которулуп келди.Чет тили адистигине 9-класстын базасы менен 5 студент, 11-класстын базасы менен 2 студент, котормочулук иш адистигине 9-класстын базасы менен 4 студент, Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөну уюштуруу адистигине 9-класстын базасы менен 10 студент, 11-класстын базасы менен 4 студент, колдонмо информатика адистигине (тармактар боюнча ) 11-класстын базасы менен 1 студент тапшырышты. Ушул студенттерди приказ менен группаларга бөлүштүрүп кураторлорун дайындоо керек экендигин айтты.

Окутуучулардын сунуштары менен

ПКС-23 группасынын куратору Болотбек уулу А., А-23 группасынын куратору Жыргалбекова К., Т-23 группасынын куратору Турдубек кызы М., ПКС-24 группасынын куратору Асан уулу А., ПИ-24 группасынын куратору Төрөбек уулу Ш., Т-24 группасынын куратору Султанбекова А., А-24 группасынын куратору Курманбай кызы Г., ПКС-25 группасынын куратору Эшенкулова А.К., ПТА-25 группасынын куратору Усеналиева Г.С. болуусу сунушталды.

2. Директор Б.М.Осмонова 2025-2026-окуу жылына карата методикалык кеңешин жана курамын түзүү боюнча А.Чоробек кызы башка кызматка которулуп кеткендигине байланыштуу методикалык кеңештин курамын кайрадан түзүү керек экендигин жана цикл башчыларын шайлап алуу керек экендигин айтып өттү. Колледждин окуттуучуларынын сунуш пикирлери менен төмөндөгү окутуучулар окуу методикалык курамы сунушталды.

| № | **Ф.А.А.** | **Кызмат орду** |
|---|---|---|
| 1 | Турдубек кызы Мунара | Колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары, төрайым |
| 2 | Ажыбаев Дүйшөн Мокешович | Окутуучу |
| 3 | Эшенкулова Айсулуу Кожонбековна | Окутуучу |
| 4 | Болотбеков Аман Болотбекович | Окутуучу |
| 5 | Үсөналиева Гульмира Садыковна | Окутуучу |
| 6 | Жыргалбекова Керемет Жыргалбековна | Окутуучу, катчы |

Предметтик-циклдардын курамы төмөндөгүдөй каралды.

**Жалпы билим берүүчү дисциплиналарынын предметтик-циклынын комиссиясы**

| № | А.А. | Кызмат орду |
|---|---|---|
| 1 | Үсөналиева Гульмира | Колледждин окутуучусу, жалпы билим берүүчү дисциплиналарынын предметтик-циклынын башчысы |
| 2 | Эшенкулова А.К. | Окутуучу |
| 3 | Турдубек кызы Мунара | Окутуучу |
| 4 | Турапова Г.А. | Окутуучу |
| 5 | Бабаева Н.М. | Окутуучу |
| 6 | Жапарова К. | Окутуучу |
| 7 | Акжол кызы Ж. | Окутуучу |
| 8 | Жунушбаева Б.М. | Окутуучу |
| 9 | Кадырова Ж.С. | Окутуучу |
| 10 | Жыргалбек кызы К. | Окутуучу |
| 11 | Абдырахманова Н. | Окутуучу |
| 12 | Акылбеков Ч.А. | Окутуучу |
| 13 | Таалайбек уулу Эрмек | Окутуучу |
| 14 | Чоробек кызы Айзат | Окутуучу |
| 15 | Айтиева Ч. | Окутуучу |
| 16 | Эмилбек кызы А. | Окутуучу |
| 17 | Шырдакова У.У. | Окутуучу |

**Техникалык дисциплиналардын предметтик-циклынын комиссиясы**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Болотбек уулу Аман | Колледждин окутуучусу, техникалык дисциплиналарынын предметтик-циклынын башчысы |
| 2 | Бейшеналиева У.У. | Окутуучу |
| 3 | Ажыбаев Д.М. | Окутуучу |
| 4 | Чоробаева Н.А. | Окутуучу |
| 5 | Бекежанов М.М. | Окутуучу |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Асан уулу Аскат | Окутуучу |
| 7 | Төрөбек уулу Шабдан | Окутуучу |
| 8 | Салыкова Ж.М. | Окутуучу |
| 9 | Курманбай кызы Гулзада | Окутуучу |
| 10 | Султанбекова А.К. | Окутуучу |
| 11 | Жапаров А.Б. | Окутуучу |
| 12 | Жыргалбекова К.Ж. | Окутуучу |
| 13 | Исмакеева С.М. | Окутуучу |

Ошондой эле окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу, окуу процессин жөнгө салуу боюнча иш алып баруу үчүн атайын комиссиянын курамын түзүү керектигин айтып, окутуучулардын сунуш пикирлери менен төмөндөгүдөй комиссиянын курамы сунушталды.

Окуу иштери боюнча директордун орун басары,комиссиянын төрайымы - Турдубек кызы М.

Колледждин окутуучусу, техникалык дисциплиналарынын предметтик-циклынын башчысы – Болотбек уулу А.

Колледждин окутуучусу, жалпы билим берүүчү дисциплиналарынын предметтик-циклынын башчысы- Усеналиева Г.С.

Колледждин окутуучусу- Эшенкулова А.К.

Комиссиянын катчысы- Салыкова Ж.М.

3. Жаңы окуу жылына карата окутуучулардын жекече иш пландары окуу жүктөмүнө жараша туура жана так толтурулуп берүүлөрүн талап кылды, мындан сырткары календардык-тематикалык пландарды сөзсүз түрдө бекитип сабака кирүүлөрүн эскертти.

4. Бүгүнкү күндүн дагы бир маселеси орто кесиптик билим берүү уюмдарында адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу, билим берүү программаларынын эмгек рыногунун талаптарына шайкештигин камсыз кылуу, студенттердин тилдик жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү үчүн 2025-2026-окуу жылынан баштап бардык адистиктер жана багыттар боюнча студенттердин чет тилдерди милдеттүү түрдө өздөштүрүүнү окуу процессине киргизүү максатында жаңы окуу пландарын кайрадан иштеп чыгып, ошонун негизинде аудиториялык сааттар азайтылып, студенттердин өз алдынча ишинин саатын көбөйтүү менен окуу мөөнөтүн 18 жумадан 16 жумага азайтылышы сунушталды. Ошондой эле студенттердин англис тилдерин милдетүү түрдө өздөштүрүүсү үчүн окуу планынын тандоо бөлүгүнө чет тилдеринин сааттарын көбөйтүү менен жаңы окуу пландарын иштеп чыгуу зарыл экендиги айтылды.

5. 2025-2026-окуу жылында 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплексттерде тейлөөнү уюштуруу багытын аккредитациядан өткөрүү керектиги айтылып, бул багытта быйылкы окуу жылында бүтүрүүчү курс бар экендигин белгилеп, аккредитацияга даярдоо үчүн жумушчу топтун курамын бекитүү керек экендигин айтты. Мында аккредитациядан өтө

турган адистикке сабак берген окутуучулардын баардыгы жумушчу топтун курамына кириши керек. Окутуучулардын сунуштары менен төмөндөгүдөй курам түзүлдү.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Эшенкулова А.К. | Директордун тарбия иштери боюнча орун басары |
| 2 | Турдубек кызы М. | Директордун окуу иштери боюнча орун басары |
| 3 | Болотбек уулу А. | Техникалык дисциплиналардын предметтик циклынын башчысы |
| 4 | Жапаров А.Б. | Окутуучу |
| 5 | Чоробаева Н.А. | Окутуучу |
| 6 | Бейшеналиева У.У. | Окутуучу |
| 7 | Ажыбаев Д.М. | Окутуучу |
| 8 | Султанбекова А.А. | Окутуучу |
| 9 | Жыргалбекова К.Ж. | Окутуучу |
| 10 | Исмакеева С.М. | Окутуучу |
| 11 | Салыкова Ж.М. | Методист |
| 12 | Таалайбек кызы А. | Иш берүүчү, "Кезгин" конок үйү |
| 13 | Нурболотова Б. | Иш берүүчү, ЖЧК «Хан-Тенгри Нарын» |
| 14 | Бейшебаева Малика | Т23-группасынын студенти |

Ошондой эле колледждин окуу процессиндеги ишмердүүлүгүн жүргүзүү боюнча жалпы жобо тууралуу маалымат берилди. Жободо окуу процессин пландоо, уюштуруу жана көзөмөлдөө этаптары, окуу документтеринин аткаруу механизмдери көрсөтүлгөнү белгиленди жана СМК студенттерди жумуш ордунда окутуу жобосу менен тааныштырып, анда практиканын максаттары, иш берүүчүлөр менен кызматташуу тартиби жана студенттердин милдеттери камтылганын, СМК академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жобосунда баалоо критерийлери, формалары жана баллдык системасы менен тааныштырып, студенттин жекече планын түзүү тартибин, академиялык карыздарын жоюу тартиби каралды жана СМК колледждин сапат боюнча жетекчилик жөнүндө жобосун кеңири тааныштырды жана окутуучулардын сунуш пикирлери айтылды.

Окуу методикалык кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштуруу, ОМК мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана функциялары менен тааныштырылып сунуштар, пикирлер айтылды.

Колледждин педагогикалык кенешмеси жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй

**Токтом кылат**

1.Кабыл алуу комиссиясынын отчету кабыл алынсын. Группаларга кураторлор ПКС-23 группасынын куратору Болотбек уулу А., А-23 группасынын куратору Жыргалбекова К., Т-23 группасынын куратору Турдубек кызы М., ПКС-24 группасынын куратору Асан уулу А., ПИ-24 группасынын куратору Төрөбек уулу Ш., Т-24 группасынын куратору Султанбекова А., А-24 группасынын куратору Курманбай кызы Г., ПКС-25 группасынын куратору Эшенкулова А.К., ПТА-25 группасынын куратору Усеналиева Г.С. бекитилсин.

2. 2025-2026-окуу жылына методикалык кеңешин курамы жана цикл башчылары бекитилсин.

2.1.Окуу процессин жөнгө салуу боюнча иш алып баруу үчүн комиссиянын курамы бекитилсин.

3. 2025-2026-окуу жылы үчүн окуу процессине тиешелүү иш пландар (Жумушчу окуу программалары, окутуучунун жекече иш планы, календардык-тематикалык план) бекитилсин.

4. Колледждин 3-курстары С.Нааматов атындагы НМУнун Окумуштуулар кеңешинин 1-сентябрь 2022-жылы №1 протоколу менен бекитилген окуу пландары менен 16 жума окутулсун .

4.1.1-2-курстар 2025-жылдын 28-августунда бекитилген окуу пландары менен окутулсун.

5. 2025-2026-окуу жылында 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплексттерде тейлөөнү уюштуруу багытынын “Менеджер” адистигин аккредитацияга даярдоо максатында жумушчу топтун курамы бекитилсин.

6. Колледждин окуу процессиндеги ишмердүүлүгүн жүргүзүү боюнча жалпы жобо бекитилсин.

6.1.СМК студенттерди жумуш ордунда окутуу жобосу бекитилсин.

6.2.СМК академиялык кредиттерди колдонуу менен колледждин окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жобосу бекитилсин.

6.3.СМК Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин сапат боюнча жетекчилик жөнүндө жобосу бекитилсин.

6.4. Окуу-методикалык кеңешинин жобосу бекитилсин.

Директор Осмонова Б.М.

Катчы Салыкова Ж.М.